189

инв. ~~999~~

~~939~~
335ср
12.XII.52г

Абдрахманов Ибраим

# Сейтек

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв № 189
335ср. 1979г
ФАН СССР

Январь 1948-ж.

## Мазмуну:


| № | | Бет |
|---|---|---|
| I. | Сейтектин туулушу. | 1 |
| II. | Сейтектин тою. | 16 |
| III. | Сейтектин өсүшү. | 33 |
| IV. | Сейтектин сыннотторо | 41 |
| V. | Кулчоронун абалы. | 43 |
| VI. | Кулчоронун зары. | 49 |
| VII. | Кулчоронун түшүшү. | 54 |
| VIII. | Сейтектин окуганы. | 59 |
| IX. | Кулчоронун Айчүрөккө келиши. | 67 |
| X. | Кыяздын Айчүрөккө сатылышы. | 71 |
| XI. | Кулчоронун жолоосу. (Сейтек жеке ата жонун айтышы). | 75 |
| XII. | Сейтектин жылкычыларды көргөнү | 96 |
| XIII. | Кулчоронун дарыланышы | 103 |
| XIV. | Кыздар сарттан келиши | 105 |
| XV. | Айчүрөк тоотордуну минип келиши. | 115 |
| XVI. | Кыяздын урушу. | 132 |
| XVII. | Кыяздын колго түшүшү | 145 |
| XVIII. | Мосумжандан канбошу | 157 |
| ~~XIX~~ | ~~Айчүрөктүн качышы.~~ | 157 |
| XX. | Сейтектин Канышкейге учурашы. | 166 |
| XXI. | Сейтек менен Кулчоронун Бакайга учурашканы. | 177 |
| XXII. | Оргун, ногойдун көрүшкөндөрү. | 188 |
| XXIII. | Канчоронун түш көрүшү | 196 |
| XXIII. | Элдин өткөнү. | 213 |
| XXIV. | Сейтектин үйлөнүшү | 217 |
| XXV. | Карадөөнүн Таласка жүрүшү. | 238 |
| XXVII. | Кулдын Таласка жүрүшү. | 280 |

Бет

XXVIII. Жендин түтүлүшү. 331

Образ жана сүрөттөр.

1. Сейтек. 62
2. Сейтектин зары. 94
3. Кызыл Сарттын зары. 128
4. Какайдын түшү. 178
5. Айчүрөк инсиши. 185
6. Кара доо. 239
7. Кусалы. 292

1. Сейтектин туулушу.

Сейтек бойго бүткөнү,
Тогуз айга толуптур,
Акундун кызы Айчүрөк,
Төрөр маалы болуптур.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айласы башка бир түрлөк.
Акун кандын чүрөгү,
Акыл айла ойлобой, 22
Асты божер жүрөгү.
Перинин кызы бетаалай,
Пендеден жайрек бечара ай.
Оң, сол жакка оздонуп,
Акыл ойлоп толгонуп:
„Жегитимин ичи толду, деп,
Ичимдеги бул кусмон,
Жарак түйно жазуно,
Чагар эмзил болду, деп.
Кыз болсо жанын тында, деп,
Кокустан эркек төрөсө,
Кандай арга кылдым, деп.
Мыкаачы кылыз сойбосун,
Төрөсүндөн калгандеки

Кандын ичин тойбосун,
Калыңаргын ногойдун,
Кара көзүн ойбосун! 23
Амалыңды ашырып,
Баласыңды эптеп жашырып.
Атаңа наалат Кыяздын,
Көзүнө чөңгүй салайын,
Арстандан калган белекти,
Аман сактап калайын!"
Аны ойлонуп Айчүрөк,
Сууга боюн жуунуп,
Суу менен белин буунуп.
Колдорун сууга салганы,
Кол дааратын алганы.
Бутун сууга салганы,
Бут дааратын алганы.
Төрт ирекет багымдат,
Экөөсү нооп, экөө парз,
Алла таала Кудайдан,
Бендесине улкөн парз.
Эрте намаз окуну, Кандай
Күсмончон чочуну.
Арстан Манас баатырдын,

Заман болор дем



Арбагына багыштап,
Окуду Куран табыштап.
Асмандан булут түтүлүп,
Ажундун кызы Чүрөктүн,
Айдай жүзү бүзүлүп.
Асмандан булут түнөрүп,
Айдай жүзү кубарып.
Толгоо кирди өзүнө, 23
Ой чагылды көзүнө.
Багыштын уулу Эркыяз,
Катындардан кеп угуп,
Ажундун кызы Чүрөккө,
Толгоо кирди деп угуп.
Амалын артык ашырып,
Эр жердеги кесипкерге,
Азаматтан чаптырып.
"Чүрөктүн тууган баласы,
Кыз болсо багып алайын,
Эркек болсо эгерде,
Тындысын кылып салайын!
Эркек болсо эр болот,
Атасын тарткан шер болот.
Эрешен тартып эр болсо.

Эл уулу менен тең болсо.
Ата журтун уккан соң,
Ак болотту сайлайт ко,
Акыры мени жайлайт ко!
Кара козусу ойбойбу, 24
Ичиндеги кара кан,
Кочуучтан ичип тойсу!
Атанын кегин албайбы,
Азапка башын салбайбы!
Азаматтар айтканы,
Колго кылыч, касчы алып
Кеңөзон жети-кайт жеринен,
Жети-кайт жерин жердеген,
Жетигердин элинен.
Жез кесипирден жетини,
Желмогуздан экини.
Алып жетип келгени,
Келгенин кыяз көргону.
Тогузмастан кеситирге,
Эсин кыяз кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
„Энелер уккун сөзүмдү,
Ачып кара көзүңдү!
Акыл-эсиң жыйынча,



Энелер сөзүм түюнчү!
Акун (дүн) кызы Чүрөкйдүн,
Адамзаттын башкача,
Асмалы артык дүмөкйдүн,
Ай, күнүнө толуп жүр,
Ушу бүгүн кабырдын,
Торорсаалы болуп жүр!
Айтканыма көңүлө,
Багыштын уулу Кыязга,
Адал ниети ой менен,
Кызмат кылып бергиле!
Айтуурокту энелер,
Бек кайтарып алгыла,
Кыз торосо эгерде, 24
Этегине бек орол,
Ушу менен өзүмдөн,
Сүйүнчүнү алгыла!
Эгерде эркек торосо,
Боорун эзип тезинен,
Өлүштү (кылып) салгыла!
Анда да берем сүйүнчү,
Айтасы сөздү жеткирип,
Энелер сөзгө түюнчү!
Кызматыма жарасаң,